КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XVII сессиясы**

**Токтом № 60**

**Сүлүктү шаары** **29.09. 2022-жыл**

**Шаардык ички иштер бөлүмүнүн шаардын аймагында коомдук коопсуздукту жана жол коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери боюнча маалыматы жөнүндө**

Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн шаардын аймагында коомдук коопсуздукту жана жол коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Сүлүктү шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын эске алып Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнүн шаардын аймагында коомдук коопсуздукту жана жол коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери жөнүндө маалыматы кабыл алынсын
2. Шаардын аймагында кылмыштуулуктун, үй бүлөлүк зомбулуктун, мал уурулугунун алдын алуу жана болтурбоо боюнча иштер күчөтүлсүн
3. Сүлүктү шаарынын мэри М.Кадыркуловго жана шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги А.А.Усановго
   - Шаардын аймагында банги затка каршы күрөшүү, коомчулуктун айрыкча жаш өспүрүмдөрдүн, банги зат каражаттарын же психотроптук заттарды колдонуусунун алдын алуу максатында Сүлүктү шаардык ички иштер бөлүмүнө банги заттарына каршы күрөшүү боюнча бир штаттык бирдигин караштыруу боюнча;
   - Жол кыймылынын коопсуздугун жана кырсыктардын алдын алуу иштерин жетиштүү камсыз кылуу максатында жол кыймылынын коопсуздугу боюнча кошумча бир штаттык бирдигин караштыруу боюнча тийиштүү органдарга кайрылуу жагы сунушталсын
4. Шаардын аймагында айдоочулардын жол эрежелери боюнча сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш алып баруу жагы СТКУнун Кыдырова Малика Нийматовна Сүлүктү авто мектебинин жетекчиси А.Ниязовага жана шаардык жол кыймылынын коопсуздугу кызматынын кызматкерлерине милдеттендирилсин
5. Шаардын аймагында тийиштүү жерлерге мыйзам ченеминде жол кыймылынын эрежелеринин белгилерин коюуну уюштуруу жергиликтүү бюджеттин эсебинен караштырылсын
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: К.Мадаминов